КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ
КАРАШТУУ ЖЕР РЕСУРСТАРЫ,
КАДАСТР, ГЕОДЕЗИЯ ЖАНА
КАРТОГРАФИЯ БОЮНЧА
МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИК

ГОСУДАРСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО
ПО ЗЕМЕЛЬНЫМ РЕСУРСАМ,
КАДАСТРУ, ГЕОДЕЗИИ И
КАРТОГРАФИИ
ПРИ КАБИНЕТЕ МИНИСТРОВ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# Б У Й Р У К
# П Р И К А З

2026-ж. “______” _____________ №______ Бишкек ш.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттиктин системасында коррупцияга каршы маалыматтык саясатынын мамлекеттик программасын ишке ашыруу боюнча Иш-чаралар планын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 27-январындагы № 29 “2026-2027-жылдарга Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы маалыматтык саясатынын мамлекеттик программасын бекитүү жөнүндө” токтому менен бекитилген Иш-чаралар планын аткаруу максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттик (мындан ары – Жер агенттиги) жөнүндө жобонун 18-пунктун жетекчиликке алып, **буйрук кылам:**

1. Жер агенттигинин системасында коррупцияга каршы маалыматтык саясатынын мамлекеттик программасын ишке ашыруу боюнча Иш-чаралар планын 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Иш-чаралар планын ишке ашырууга тартылган Жер агенттигинин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилери:

1) Иш-чаралар планын өз убагында жана так аткарууну камсыз кылсын;

2) квартал сайын отчеттук мезгилден кийинки айдын 3үнөн кечиктирбестен Иш-чаралар планын ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө маалыматты коррупцияны алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнө берип турсун.

3. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Жер агенттигинин директорунун орун басарларына тейлеген багыттарына ылайык жүктөлсүн.

**Директор** **Э.Ж. Зарнаев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 10-1/100, 02.04.2026

Кол койгон: Зарнаев Э.Ж.